Бекитемин
Мектеп директору
И.К.Парпиев

**№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби**

**Окуучулардын мектеп формасы жөнүндө**

Мектептин уставынын 7.6 пункту. Мектепте Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014–жылдын 15–июлундагы “Окуучулардын мектеп формасын бекитүү жөнүндө” №3528/1 буйругу менен бекитилген окуучулардын бирдиктүү мектептик формасына коюлган талаптар аткарылат.

**Максаты**: Кырдаалга ылайык кийинүүнү билген, ийгиликтүү инсанды тарбиялоо

**Милдети**:Окуучулардын жүрүм- түрүм эрежелерине жана мектептин Уставына ылайык мектептеги жалпы тартипти сактоо.

**1. Окуучунун сырткы көрүнүшү**

Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар:

- Тазалык, тыкандык;
- Баардыгы үчүн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль;
- Сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек;
- Кыздардын узун чачтары өрүлгөн, ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек;
- Балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө);

**2.5-класстан 11-класска чейинки мектептик формандын толук сыпатталышы**

2.1.Балдар жана өспүрүмдөр үчүн: кара же көк костюм жана классикалык үлгүдөгү шым, бир тондуу ак көйнөк.

2.2.Кыздар үчүн: тизеден өйдө болбогон классикалык үлгүдөгү юбка(кыш мезилинде кара классикалык шым) , бир тондуу ак блузка.

3.**1-4-класска чейинки мектептик форманын толук сыпатталышы**

4.3.1.Республикалык деңгээлдеги талапка ылайык мектеп формасын кийишет.

3.2.Спорттук форма: Бардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийимди кийүүлөрү керек.

Болбойт: дене тарбия сабагына мектептик формада, джинсы жана спорттук эмес бут кийим менен катышууга.

3.3.Окуу учурунда төмөнкү кийимдердин жана бут кийимдердин варианттарын кийүүгө тыюу салынат:

- Терең көнүлдү бурдура турган көзгө комсоо адаттан тышкары бөлүктөр, жылтырак жиптер, ошондой эле өтө ачык өңдөр кийимде жана бут кийимде болбошу керек; -
- Ар кандай өңдөгү джинсы;
- Өтө денеге чапталган, фигураны көрсөткөн юбка, шым жана лосиналар;
- Далыны жана курсакты көрсөткөн өтө кыска блузкалар;
- Мини-юбкалар ( тизеден 10см өйдө узундуктагы);
- Декольтеси ачык блузкалар;
- Өтө жука юбка менен блузкалар, ошондой эле жука курактары бар кийимдер;
- Ич кийим жана джинсы стилиндеги кийимдер;
- Ар кандай пулеверлер жана токулган кофталар;
- Спорттук кийим (спорттук костюм жана анын бөлүктөрү), спорттук бут кийим;
- Активдүү эс алуу үчүн кийимдер (кыска шым, майка, футболка ж.у.с.);

3.4.Тыюу салынат: адаттан тышкары чач тегиздетүүлөр, чачтарды ачык, табыгий эмес өңдөргө боѐгого.

3.5.Ачык макияжга тыюу салынат: кирпиктерди, көздөрдү эринди боегон жана ачык маникюр.

3.6.Кийимдин бөлүгү катары  оор брошкаларды, чынжырларды, шакек, кулон, сөйкө, шарф, жамынма, палантиндерди колдонууга уруксаат эмес.

3.7.Пирсинг, ошондой эле коомго туура келбеген формалдуу эмес жаштардын бирикмелеринин символикаларынын аксессуарларына уруксаат эмес.